УДК 321:32.7.3

**МУХАММАД ИСМАИЛ КАЮМОГЛИ**
*К. Карасаев атындагы БГУ*

# XXI-КЫЛЫМДЫН БАШЫНДА КЫРГЫЗ ЖАНА АФГАН РЕСПУБЛИКАЛАРЫНЫН ТЫШКЫ САЯСАТЫ ЖАНА ДИПЛОМАТИЯЛЫК КЫЗМАТТАШТЫКТАРЫНЫН КАЛЫПТАНЫШЫ

## Внешняя политика и дипломатические отношения между Кыргызстаном и Афганистаном в XXI веке

## The foreign policy and diplomatic relations between Kyrgyzstan and Afghanistan, in the twenty-first century

***Аннотация:*** *дипломатиялык диалог, жалпы саясий көз караш табуу максатында окшош кызыкчылыктарды ачууга, белгилөөгө арналган маселелерди чечүү формасы. Кыргызстан жана Афганистан мамлекеттеринин ортосундагы карым-катнаштарды өнүктүрүү үчүн диалог - дипломатиянын маңызы жана максатка умтулган кадам сыяктуу өтө маанилүү аспабы.*

***Аннотация:*** *дипломатический диалог это инструмент для решения проблем и достижения единой политической точки зрения, а так же создания общих интересов. Диалог этот сущность дипломатии и метод для укрепления отношений Афганистана и Кыргызстана.*

***Annotation:*** *diplomatic dialogue is a tool to solve problems and achieve common political point of view, as well as the creation of common interests. Dialoge is the essence of diplomacy and a method for strengthening the relations of Afghanistan and Kyrgyzstan.*

***Негизги сөздөр:*** *Кыргызстан; Афганистан; тышкы саясат; дипломатия;эл аралык мамилелер.*

***Ключевые слова:*** *Кыргызстан; Афганистан; внешняя политика; дипломатический; международные отношения.*

***Keywords:*** *Kyrgyzstan; Afghanistan; foreign policy; diplomatic; international relations.*

Дипломатия түшүнүгү, биринчи жолу расмий түрдө 1965-жылы Америкалык Адмонд Глин атту саясатчы тарабынан айтылган. Анын ишенимине караганда, коомчулук дипломатия аркылуу максаттарга жетүүчү эң негизи жол болуп саналат. Коомчулук дипломатия, көп тараптуу формада болуп, табияттын законуна терс келбестен, саясий максаттарды жарыялап, өнүктүрүү жана ишке-ашыруу үчүн колдонулат [1].



Дипломатиалык диалог, жалпы саясий көз караш табуу үчүн, окшош кызыкчылыктарды ачып белгилөөгө арналган маселенин азыркы учурдагы чечүү формасы. Эки жактын саясий эркинин, бийлигинин күч колдонбоо жолу аркылуу ишке ашырууда, конфликттерди жөнгө салууда, кыймылды багыттоодо, кызматташтыкты аныктоодо ж.б. эң керек курал [2].

Дипломатия тили абдан бай жана көп кырдуу. Анын өзүнө гана тиешелүү терминдери, системасы бар жана аны кабыл алынган терминдердин жыйындысы түзөт. Учурдагы кыргыз тилинин дипломатиялык лексикасына назар салсак кесиптик лексикасы да, терминологиясы да жаңыдан калыптанууда [3].

Эгерде биз дипломатиянын тарыхына терең караганыбызда адамзаттын жер жүзүнө жаралгандан бери коомдук дипломатия жеке жана өздүк пайдаларды колго киргизүү максаттарында колдонулат. Жалпы алганда, дүйнөдө дипломатиянын эки түрү болгондугу тууралуу ой-пикирлер бар: бири улуттук деңгээлде, экинчиси болсо эл аралык деңгээлде**,** күн өткөн сайын дипломатия адамдардын жүрөгүндө орун алып, эл менен өкмөттүн ортосундагы маанилүү мамилелерге себеп болгон [4].

Азыркы учурда, саясий актерлердун көбөйүшү, улуттук экономиканын дуйнөлүк болушу, бири-бирине болгон көз карандылыктын көбөйүшү жана ошондой эле илим-

техниканын өнүгүүсү дүйнөнү кичирейтип, чек аранын маанилүүлүгүнүн азайтып, өлкөлөрдүн тышкы саясатында өз ордун алды [5]. Ушул себептен Афганистан жана Кыргызстан өз тарыхында ачуу жана кем-багалчылыкты башынан өткөрүшкөн. Азыркы күндө болсо аймактык коопсуздукка умтулуп, экономикалык өнүгүүгө жетүү үчүн өз тышкы саясатын бирдиктүү жүргүзүп, өз ара дипломатиялык байланыштарын бекемдеш керек.

XXI кылымдын башында, Афганистандын тышкы саясаты жана дипломатиясы: Ар бир өлкөнүн тышкы саясаты, анын ички саясатынын түзүлүшүнөн, улуттук кызыкчылыгынан жана улуттук каада-салтынын негиздеринен түптөлөт. Афганистан өз башынан өткөргөн туруксуз саясий өзгөрүүлөрүн, экономикалык жана коомдук кризистерин артка таштап башка мамлекеттер менен болгон мамилесин географиялык жактан тышкы саясатын үч тармакта ишке ашырып келет:



*Биринчиден:* Афганистандын тышкы саясаты - кошуна жана региондогу мамлекеттер менен мамилени жакшыртуу. Афганистандын бул өлкөлөр менен болгон географиялык жакындыгы, этникалык, маданий окшоштугу, экономикалык жана соода-сатык мамилелери эң негизги тармак болуп саналат.

*Экинчиден:* Афганистан ислам дининин маданиятын жана байлыгын өзүнө сиңиргендиктен дүйнөдөгү ислам коомчулугу менен тыгыз байланышта болуп келет.

*Үчүнчүдөн:* Афганистан бүткүл дүйнө өлкөлөрү менен ар кандай тармактарда жана ошондой эле эл аралык кызматташуу биримдиктери менен иштеп келет.

Афганистан дипломатиясы акыркы он жылдан тарта, көптөгөн кыйынчылыктарга карабай жогоруда айткан үч тармакты өзүнө камтып иш алып барып келет. Айрыкча, дүйнө жана кошуна өлкөлөр менен достук байланышын бекемдөө, афган элинин ким экендигин, жана эл аралык маданий мамилесин көрсөтүү, ошондой эле коңшу жана бүткүл дүйнө элдери менен коопсуздукту сактоо Афганистандын тышкы саясатынын негизги бирден-бир иш алып баруусу болгон [6]. Афганистандын тышкы саясатындагы көп убактылуу перспективадагы негизги милдети, бул регионалдык жана трансрегионалдык мамилелеринин балансын сактап туруу, чынында, бул милдет жогорку интеллектуалдуу потенциалга муктаж.

Афганистандын тышкы саясатынын алгачкы тегерегиндеги өлкөлөр, бул регионалдык жана “Азия жүрөгү” аймагынын өлкөлөрү болуп саналат (Пакистан, Таджикистан, Иран, Узбекистан, Туркменистан, Азербайджан, Индия, Сауд Аравия, Бириккен Араб Эмираттары, Турция, Кыргызстан, Казахстан, Россия жана Кытай). [7] Эл аралык мамилелердин түшүнүгү жана өлкөнүн соода-сатык тармагын изилдөө маселеси эл аралык чөйрөдөгү саясий жана коопсуздук мамилелерде өлкөнүн драматикалык тагдырына таасирин тийгизет.

XXI кылымдын башында, Кыргызстандын тышкы саясаты жана дипломатиясы:1991-жылдын 31- августта Кыргыз Республикасынын Жогорку Кнңеши тарабынан “Кыргыз Республикасынын көз карандысыз мамлекетүүлүгү жөнүндө Декларация тууралуу” [8] мыйзам кабыл алуу менен бирге, коомчулук тарабынан толук колдоого ээ болуп өз алдынча эркин болгондугун чет өлкөлөргө жарыялап, аймактык жана эл аралык аренада баш көтөргөн.



Убакыт өткөн сайын мезгилдин улам бир катаал сынагын баштан кечирген кыргыздар өздөрү тандап алган саясий өнүгүү жолунун туура экендигин далилдешкен. Ал эми экономика тармагында болсо менчиктин көп түрдүүлүгүнө негизделген базар

мамилелери өнүгүп, жалпы калктын жашоо турмушу жакшырып, андан ары бакубат жашоо нугуна өтүшүп, мурдагыдай мамлекетти карап отурбастан өз көйгөйлөрүн өздөрү чечүү жолуна түштү.[9]

Кыргызстан эркиндикке ээ болуп, демократиялык өнүгүүгө багыт алгандан бери, коомдук саясий элитанын калыптанышы менен мамлекет өзүнүн тышкы саясатын негиздөөгө киришти[10].

Кыргызстанда саясат тануу узак убакыттар бою буржуазиялык теория катары саналып, баштапкы абалда сактанып келген. Айрым саясат тануу маселелери тарыхый материализм, илимий коммунизм,

КПССтин тарыхый ж. Б. Коомдук илимдердин чегинде каралып келген [11].

Кыргызстанда саясий ой-пикирдин өнүгүшү жана саясат таануу илиминин калыптанышы; Борбордук Азия элдеринин эң байыркысы болгон кыргыздар тарыхый өнүгүүнүн мыйзам ченемдеринин алкагында, бирде гүлдөп өнүккөн кучтуу мамлекет болуп, бирде тагдырдын кыйын кезегине туш болуп кыйроого учурап, улам-улам жер которуп, көптөгөн башка элдер, мамлекеттер менен мамиле түзүп, акыры Ала-Тоону жердеп, бүгүнкү күнү көз каранды эмес, Кыргыз Республикасын түзүүгө жетишти.

Кыргыздардын саясий ой-пикири өзүнүн жаратылышы боюнча Батыш Европадан, АКШдан, Россиядан, Кытайдан жана башка маданияттардан өзгөчөлөнгөн өнүгүү логикасы болуп, башка маданий салтка, өзгөчө баалуулуктарга таянган.

Бүгүнкү күндө саясат таануу илими бардык жогорку окуу жайларда окутулат, ал эми бир катар университеттерде «Саясат таануу» багыты боюнча жогорку билимдүү адистер даярдалат. 2002-жылы «Саясат таануу» боюнча кандидаттык диссертация жактоого атайын Кеңеш ачылган. Кыргызстанда бүгүн саясат таануу илиминин алты доктору, ондогон кандидаттары бар [12].

Аймактык өлкөлөр арасында жана ошондой эле Кыргызстан менен Афганистан мамлекеттери ортосундагы карым-катнаштарды өнүктүрүү үчүн, эл аралык мамилелердин кыйындаганын бошондотуу жана ишеним пайда кылуу процессине өлкөлөр арасында диалог жана кызматташтык өтө зарыл фактор болуп саналат. Мишель Фуконун



айтымында: “Бүгүнкү күндө инсан - өз ара айкашуунун натыйжасында чыккан зат”; “Өз ара айкашуу - илим-билимди жана күчтү жеткире алат.” Сүйлөөшүүлөр – дипломатиянын көркү.Кыргызстан менен Афганистан расмий түрдөгү дипломатиялык карым-катнаштарынын түпкү тамыры алардын узак мөөнөттүү тарыхында катылган. Ар бир өлкөнүн тышкы саясаты өз улуттук кызыкчылыгынын негизинде орнотулат жана бул кызыкчылыкка тышкы саясаттын эн негизги максаты болуп саналат.

Дипломатия- тышкы саясаттын “улуттук кызыкчылык” негизги автору болуп саналат. Ар бир өлкөнүн улуттук кызыкчылыгын эки көз краш менен көрсө болот: биринчиси, географиялык- мисалга, (тоо-таш, суу, океан, дарыя, чөл, токой ж.б) баалуулуктар табигый болгондуктан, улуттук кызыкчылыктын эң туруктуу, өзгөргүс аспабы болуп саналат.Экинчиси болсо, өндүрүштүк-бул заманбап технологиялык жетишүүлөр, транспорттук, коммуникациялык, дыйканчылык жана башка тармактар болуп саналат [13].

Риалисттердин назарында ар бир өлкөнүн бири-бири менен болгон мамилеси, сырткы саясий кызыкчылыктары менен ишке ашат. Бул теорияга таянып айтканда, XXI-кылымдын башынан тартып Афганистан жана Кыргызстан ортосундагы тышкы саясатынын негиздери бир. Жогоруда айтылган улуттук кызыкчылыктын факторлору таасирдүү жана пайдалуу болушу үчүн дипломатиянын болуусу зарыл. Афганистан менен Кыргызстандын өз ара расмий кызматташтыгы эми гана түптөлүп башталды. Ушул себептен эки өлкө ортосунда нормалар, жалпы келишпестиктер жана кризистер болгон

эмес. Ошондуктан, эки өлкөнүн дипломатиялык жана кызматташтык байланыштарын негизини талкууласак: Афганистан жана Кыргызстан, экономикалык (экспорт жана импорт, географиялык жактан транзиттик ж.б), коопсуздук (терроризм, наркотрафика жана иыйзымсыз куралдар ж.б менен күрөшүү) Илимий жана маданий (билим берүү жана гуманитардык) ж.б жааттарында бири-бирин таанып кызматташтыкка карай кадам ташташы керек. Бул болсо эки өлкөнүн расмий кызматташтыгынын күчөшүнө түрткү болот. Эки өлкө ортосундагы эң негизги максат энергетикалык, соода-сатык, транзиттик, тоо кең байлыкты иштеп чыгаруу, чарба жана дыйканчылыкты өнүктүрүү, чет элдик инвесторлорду тартуу, наркотрафикага каршы күрөшүү, адис алмашуу, ж.б. болуп саналат [14].



Кыргыз жана Афган Республикаларынын ортосундагы дипломатиялык мамилелеринин башталышы жана калыптанышы**:** Кыргыз Республикасы менен Афганистан Ислам Республикасынын дипломатиясы 1999 жылдын 12-ноябрда башталган [15].

2002-жылдын 26 март айында КРнын өнөржай жана соода министринин орун басары Сулайманкулов, расмий иш сапары менен чоң мартабалуу делегацияны жетектеп Кабулга сапар алган, ал жакта Афганистандын экс-президенти Хамид Карзай, тышкы иштер министри жана соода министри менен жолугушуп, Афганистан Ислам Республикасынын жана Кыргыз Республикасынын экономикалык кызматаштык жаатындагы эки өлкө арасында элчиликтердин ачылышы тууралуу келишимге кол коюлду [16].

Бишкектеги Афганистандын элчилиги 2002 жылы 28 августта негизделип, Афганистан Ислам Республикасынын эң алгачкы ыйгарымдуу элчиси катары Абдуль Кадр Дустам ишке кирген. Афганистан жана Кыргызстан ортосундагы мамиле элчилик ачылган соң өнүгө баштап саясий, экономикалык, маданий чөйрөдө ар кандай кызматташтыктар ишке ашырыла баштаган.

Аталган жолугушуудан соң, 2010-жылдын 5-мартында Кыргыз Республикасынын Президенти Кыргызстан элчилигинин Афганистан борбору Кабул шаарында ачылуусу тууралуу №69 указын чыгарган [17], жана өзүнүн Афганистан өлкөсү менен болгон мамилесин ар кандай жааттарда кеңейтүүнү кааларын белгилеген. 2013-жылы 2-майда А. Абдразаков КР нын ИРА дагы элчиси болуп дайындалган [18]. 2014-жылдын 15 февраль айында, Афганистандын борбору Кабул шаарында Кыргыз Республикасынын тышкы иштер министири Эрлан Абдылдаевдын расмий сапары менен КРнын элчилиги расмий түрдө ачылды[19]. Бул ачылышта Эрлан Абдылдаев мындай деди: “Эки өлкөнүн тарыхый мамилелери чыныгы достуктун жана кызматташтыктын негизин түзөт. Ушул элчиликтин ачылышы келечектеги тууганчылыктын жана көмөктөшүүнүн белгиси болуп саналат. Кыргызстан дал ушул элчиликтин ачылуусу менен өзүнүн Афганистанга карата боордоштугун жана жардам көрсөтөөрүн ошондой эле өлкөдө болуп жаткан өзгөрүүлөрдө өзүнүн салымын кошоорун билдирди.

Бул учурда, Кабул шаарында 2014-жылдын “16”- февралында, Кыргыз Республикасынын Тышкы Иштер Министирлигинин Дипломатиялык академиясы менен Афганистан Ислам Республикасы-



нын Тышкы Иштер Министирлигинин Дипломатиялык институсунун ортосунда биргеликте иш алып баруу жана билим берүү, кесиптик окутуу, консультация берүү жана изилдөө тармагында, ошондой эле башка тармактарда узак мөөнөттүү жана өз ара пайдалуу кызматташуу үчүн Кабул шаарында, өз ара түшүнүү меморандумго кол коюшкан [20].

Диалог- бул дипломатиянын маңызы жана максатка умтулган кадам сыяктуу ага көңүл буруш керек. Сүйлөшүүлөрдүн жоктугу активдүү дипломатияны пассивдүү дипломатияга айлантат.

Жыйынтыктап айтканда, аймактык өлкөлөр арасында жана ошондой эле Кыргызстан менен Афганистан мамлекеттери арасындагы карым-катнаштарды өнүктүрүү үчүн, эл аралык мамилелердин кыйындаганын бошоңдотуу жана ишеним пайда кылуу процессине өлкөлөр арасында диалог жана кызматташтык өтө зарыл фактор болуп саналат.

Тышкы саясат түшүнүгү ички саясаттын уландысы, түрдүү каражат жана ыкмалардын жардамы менен башка мамлекеттер менен болгон мамилесин жайылтуусу. Тышкы саясат, үстөмдүк кылган экономикалык негиз, коомдун коомдук жана мамлекеттик түзүлүшү менен тыгыз байланышып аларды дүйнөлүк аренада чагылдарат. Тышкы саясаттын башкы каражаты болуп элчилик, мамлекет башчылары, өкмөттүн жана тышкы иштер боюнча атайын органдары, мисалга: тышкы иштер министрлиги, чет өлкөлөрдө мамлекеттердин
укуктарын жана кызыкчылыктарын корго боюнча расмий ишмердүүлүгү эсептелет. Алардын тышкы саясат максаттары соода-сатык, экономикалык, илими-техникалык жана маданий байланыштарды орнотуу жана жайылтуу жолу менен ишке ашат [21].

***Адабияттар***


1. Афганистан Ислам Республикасынын Тышкы Иштер Министрлиги, Стори илимий журналы, Кабул, 2012-жылы, 48 бет.
2. Акунов А, Ожукеева Т., Байболов К., "Политология" Кыскача Сөздүк, Бишкек, 1996-жылы, 92 бет.
3. Заринова М. Э., "Азыркы кыргыз тилиндеги дипломатиялык лексика", КРнын Тыщкы Иштер М.нин Казы Дыйканбаев атындагы Дипломатиялык Академиясынын ЖАРЧЫСЫ, № 3, Бишкек – 2014-жылы, 147 бет.





4. Афганистан Ислам Республикасынын Тышкы Иштер Министрлиги, Стори илимий журналы, Кабул, 2012-жылы, 50 бет.
5. Таманна Ф., "Afghanistan's Foreign Policy on Regional Cooperation", АИРнын Тышкы Иштер Министрлигине караштуу стратегиалык изелдоо комитети, Кабул, 2014-жылы. 14 бет.
6. Ушул эле жерде 16 бет.
7. Махмуд Сайкал, Афганистандын тышкы иштер министрлигинин мурунку орун басары, " Афганистандын тышкы саясатынын негизги багыттарын аныктоо жаатындагы сессия. Кабул" http:1/www.bbc.co.uk/Persian/ ofghanistan /2012/.12/121220_zs_ofghan_foreign_policy. shtml, 2012ж.20каб.
8. Мухаммед Ашраф Гани-президенттин инаугурация убагындагы сөзү, президенттик сарай, Кабул, 2014-жылы.
9. Кырыгз Республикасынын конституциясы 2010ж 122 бет.
10. Моргонтав Х., "Саясат миян мыллытха (Улуттар арасы саясат)", Которучу: Хумайро М., Тахран, 1995-жылы.